Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи

USAIDдин “Окуу керемет!” долбоору

Мекен таануу сабагы

# “Жаратылышты коргоо”

“Адабий ийримдер” стратегиясы

Мугалим: Узакова Ж.К.

Сканировано с CamScanner

**Сабактын аталышы:** Мекен таануу.

**Сабактын темасы:** Жаратылышты коргоо.

**Сабактын максаты:**

**а) Билим берүүчүлүк**

Жаратылышты коргоо боюнча маалымат алуу менен окуганын түшүнүү боюнча стратегияларын колдонуу.

**б) Өнүктүрүүчүлүк**

Жаратылышты таануу менен жалпылоо, суроолорду берүү, текстен жаңы жана түйүндү сөздөрдүн маанисин издөө.

**в) Тарбия берүүчүлүк**

Жаратылышты коргоо аларды сүйүүгө окуп үйрөтүлгөн тема менен окуган китептин мазмуунунун ортосундагы байланышты түзүүгө тарбиялоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Китептин текстин бөлүктөрүн жалпылаштырат жана чыгарманын сюжеттик сызыгын аныкташат.

**Окууту класс-** 3 "А" класс.

**Керектүү материалдар:** Окуу китеби мекен таануу, Лела Кистаури "Рафтинг деген эмне? "Окуу керемет!" долбоору

**Класста ишти уюштурунун формасы:** Кичи үч топ.

Сканировано с CamScanner

**Саламдашуу. Жагымдуу маанай.**

**Муг:**

Сабагыма даярмын
А силерчи балдарым
Жакшы менин маанайым
Саламатсыңарбы балдарым

**Окуу:**

Сизди сыйлайм эжеке
Салам айттык биз сизге
Саламатсызбы эжеке

**Топтун лидери:**

1. Актан Көл
2. Рамазан Дарыя
3. Эмир Суу

**Алтын эреже:**

Ар бир чоң ийгиликтин артында кичинекей тартип бар дейт. Балдар анда эмесе Алтын эрежени кайталап алалы.

Сүйлөп жатса мугалим,
Сурап бир аз уга бил.
Суроо бербей сөзүн бөлбөй,
Кулак төшөп уга бил.

**Үй тапшырмасын кайталоо:**

1 Өсүмдүк өстүрүүчүлүк менен мал чарбачылыгынын өз ара байланышын айтабыз?

2 Кыргызстанда балчылыкты өнүктүрүү,өстүрүүнүн пайдасы кандай?

3 Үй жаныбарларын өстүрүүгө байланышкан кандай кесиптерди билесиңер? (ветеринар)

4 Бизде мал чарбачылыгыннын кайсы тармагы өнүккөн?

5 Колго багылган малдан эмне алабыз?

(эт,сүт,май,жүн,тери), (быштак,колбаса, май, сыр ж.б)

Сканировано с CamScanner

Жаңы тема: Биз жаңы теманы баштардан биринчи шыктандыруу мүнөтүн өтүп алалы.

Кана балдар:

Жазгы гүлдөй жадырап,
Биз көңүлдү биз кунак.
Биздин максат биздин иш,
Окуп ойноп жыргамак.
Ырыс алды ынтымак,
Биз окуйбуз жадырап.

Азаматсыңар.

Жаңы тема: Жаратылышты коргоо

- Кыргызстандын жаратылышы бай. Бирок ал байлык чексиз эмес, аны коргоо ар бирибиздин милдетибиз. Ошол жаратылышыбыздын бир бөлүгү суу.

- Суу жаратылыш байлыгы. суусуз жашоо жок, болушуда мүмкүн эмес. Ошондуктан сууга аяр мамиле жасап, сакташыбыз керек.

Бүгүнкү сабагыбыз өзгөчө сабак.

Биз бүгүн USAIDдин «Окуу керемет» долбоорунун негизинде өтөбүз.
Биз «Рафтинг» деген эмне  деген китепти окуйбуз.

Биз бүгүн « Адабий ийримдер» стратегиясын өтөбүз.

Бул стратегия 7 бөлүктөн турат экен.

- Модератор
- Эпизоддун чебери.
- Изилдөөчү.
- Илюстратор.
- Сөз чебери.
- Бириктирүү чебери.
- Жалпылоо чебери.

Сканировано с CamScanner

**Мында балдар ар бириңерге ушул стратегия боюнча ролдорго бөлүп берем. Ошол боюнча иш алып барабыз.**

**Физ минутка:**

**Жаз келгенде чыгабыз,**

**Көпөлөктөй учабыз.**

**Жай келгенде балыктай,**

**Көлгө барып сүзөбүз.**

**Күз келгенде шамалдай,**

**Жалбырактай учабыз.**

- **Отурабыз балдар « Адабий ийримдер» стратегиясын балдар ролдорго бөлүштүрүп берем.**
- **Модератор (багыт берүүчү)- Актан, Ороз, Рамазан.**
- **Эпизоддун чебери (тексти түшүн)- Элмырза, Эмир, Элнура.**
- **Изилдөөчү Фатима, Акылай, Данияр.**
- **Сөз чебери – (тааныш эмес сөздөр менен иштөө) Сыпатай, Гулиза, Айпери.**
- **Бириктирүү чебери- (турмуш менен бай). Хамида, Албан, Аделия.**
- **Иллюстрато- (сүрөт)- Айдар, Али,Эркеайым.**
- **Жалпылоо чебери- (жыйынтыктоо)- Актан, Айдин, Нурэл.**

**-Азаматсыңар балдар эми сабагыбызды жыйынтыктоо үчүн тапшырма берилет.**

**Топ: 1. Венндин диаграмммасы (каноэ, каяк,)**

**2. Класстер (рафтинг)**

**3. Беш жылдыз. Сага жакканын жаз.**

***Өзүн-өзү баалоо* (баракча таратып берем).**

***Үйгө тапшырма:* Балдар барыбыз иллюстратор болуп рафтинг-жөнүндө сүрөт тартып *келебиз.***

Сканировано с CamScanner